**“БЕКИТЕМИН”**

**И. Арабаев атындагы КМУнун**
**илим жана инновация боюнча проректору,**
**п.и.д., доцент**
**Чалданбаева А.К.**

**_______________________**

**“19” май 2025-жыл.**

Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын “АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНЕ ЧЕЙИНКИ ИШЕНҮҮЛӨРҮНҮН ЖАШАП КЕЛИШИ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА ) аттуу 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме болгон И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана этнология» кафедрасынын

## КОРУТУНДУ – ПИКИРИ

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**.

Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын “АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНЕ ЧЕЙИНКИ ИШЕНҮҮЛӨРҮНҮН ЖАШАП КЕЛИШИ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА) аттуу 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин актуалдуулугу талашсыз. Учурдагы илимий-техникалык жүрүмдөр жана дүйнөдөгү ааламдашуу мезгилинде элдердин маданиятындагы жана ааламды кабыл алуудагы көз караштар барган сайын тездик менен өсүп өнүгүп жатат. Кыргыздар ислам динин туткан жана анын баалуулуктарына ишенген этностордун бирине кирет. Ислам дининин коомдо кеңири тараганына карабастан, ага чейинки архаикалык ишенимдер жана көз караштар ушул мезгилге чейин жашап келет. Кыргыздарда исламга чейинки ишенимдер менен ислам динине ишенүү, бири-бирине жуурулушуп, синкретизм көрүнүшү уланууда.

Исламга чейинки культтардын калдыктарынын аралашмасы болгон элдик ишенимдер жана көз караштар, анын негизинде калыптанган ислам синкретизми жана өзгөчө ырым-жырымдар, бийликтин каршылык таасирине туруктуу болуп, кайра куруу жылдарында кайрадан жаңыланып, жаралды.

ОК: Бибулатова А.Я.

ДС 07.23.674
Вх. № 2025/22 от 20.05.25
Уч. секр. ____

Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү Баткен, Кадамжай жана Ноокат аймактарындагы исламга чейинки ишенимдердин сакталыш өзгөчөлүктөрү азыркы күндө изилдөөлөргө муктаж. Кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери боюнча көптөгөн изилдөөлөр болгон, бирок жогорудагы аты аталган өрөөндөгү жашаган кыргыздардын ишенимдери изилдөөнүн атайын обьектисине алына элек болчу.

**2. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделишинин деңгээли.**

Диссертант өзүнүн илимий ишинде талаа материалдарын жана башка маалыматтарды талдоонун натыйжасында төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарган:

1. Изилденген өрөөндөгү кыргыздардын ар кандай жансыз нерселерге ишениминдеги буюмдардын кызматы табийгаттан тышкаркы күч бар, алар коргойт жана ээсине ийгилик алып келет, ошондой эле кара сыйкыр жасалуу жөрөлгөсү аркылуу фетиштик буюмдар адамдарга зыян келтире алат деген ишенимдер калыптанган.

2. Кыргыздарда азыркы отко сыйынуу ырым-жырымдарынын түпкү тамыры отко сыйынуу культуна барып такалып, андагы сүттүн жана майдын отко ташталуусу, коломтого жүгүнүүнүн аткарылышы үй-бүлөдөгү жыргалчылыкты жана байлыкты камсыз кылуу ишеними болуп эсептелинет. Отко сыйынуунун түпкү тамырын бир гана зоарастризм ишенимине гана тиешелүү эмес, Теңирчиликтеги күнгө жана алоолонгон отко табынуунун калдыктары да катары эсептесек болот. Аны менен катар кыргыздардын исламга чейинки ишенимдериндеги коломтонун ээси – Умай культунун туюнтмасы катары каралган от культуна сыйынуунун калдыктары ислам менен синкреттешип сакталып келет.

3. Жер-Сууга багышталган кудайылар, курмандыктар, жаз айларында суунун башында, кургакчылык болбосун, жаан-чачындын, суулардын мол болушун, ар кандай жер-кырсыктарынан сактоо максатында түлөөлөр уюшулуп, мал союлуп, курмандыктар чалынып, ошону бирге куран окулат.

4. Умай энеге багышталган жөрөлгөлөр көчмөн турмуштун мезгилинде жалпы эле жаратылыштагы апааттардын алдындагы адамзатынын алсыздыгынын натыйжасында пайда болуп жана калыптанып жатат. Аялдар өткөрө турган жөрөлгөлөр алардагы ырым-жырымдар коңшу тажик жана өзбек улутунун салтына тиешелүү жөрөлгөлөр менен ич ара аракеттенүүсүнүн негизинде жергиликтүү кыргыздарга таандык жөрөлгөлөр кыргыз коомунда пайда болуп, ушул мезгилге чейин жашап келет.

5. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын тотемизмдин калдыктарынын негизинде пайда болгон ишенимдердин, ырым-жырымдар, ишенимдер кайберендин каргышы, пир түшүнүгү, буудайык, кумайык, көк жал түшүнүктөрү кээ бир жаныбарлардын өтү, шыйрагы, жандыктардын катырылган денесинин ыйыкталышы жана аялдын төрөтүнө жана соодага байланышкан тотемдик ишенимдер азыркы учурда да кыргыз коомунда сакталып келет.

6. Тотемдик ишенимдердеги ырым-жырымдар, малдын төлүнүн көбөйүшүнө жана анын берекесине байланышкан Зеңги бабага арналган “ууз аш” жөрөлгөсү аткарылып келинет. Мал чарбачылыгына түздөн-түз байланыштуу камчы, козу байланган көгөн, мал байланган аркан-жиптер, жылкы жабдуулары, сүт азыктарынын аздектелип пайдаланылуусу да малдын төлүнө жана берекесине таасир этет деген ишенимдер эл арасында азыркы күнгө чейин сакталып келет.

7. Ата-бабалардын арбагына сыйынуу, ислам дини менен жуурулушуп, синкреттешип, коомдо дагы деле бири-бирин коштоп жашап келет. Ата-бабалардын арбактарына ишенүүдө исламга чейинки ишенимдер жана исламдагы салттардын жуурулушуп келет. Жергиликтүү ислам ыйыктарынын аттары менен байланышкан жайлардын арбындыгы жана алардын рухтарына сыйынышып, зыярат кылуучу жайлардын рухтарын аттарынын аталып ортомчу катары Алладан сурануу менен куран окушат.

8. Кыргыздардагы ишениминде Ата-бабалардын арбактары өзүнүн жашоосун, тигил дүйнөдө улантат деп ишенишкен. Ага байлашыштуу сөөктү көмүү салтында маркумга байланышкан ишенимдер салт-санаалар, ырым-жырымдар пайда болуп, арбак баарын билет, өзүнүн урпактарын колдойт, коргойт же андан коркуу, сыйлоо менен артындагыларга ак тилөө азыркы күндө да кыргыздардын ишениминде жашап келет.

9. Бакшычылык жана жин кубар молдолор, Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын турмуш-тиричилигинин ажырагыс бөлүгү катары калыптанып калган. Бакшычылыкты мойнуна алуу жана жин кубар молдо болуудагы татаал жана көп кырдуу жүрүмдү басып өтүп, ал жүрүм тиешелүү чөйрөдө муундан-муунга, замандын өзгөрүшүнө ылайыкташып өтүп келет

Чыгарылган жыйынтыктар изилдөөнүн материалдарын талдоонун натыйжасында илимий жактан негизделген.

**3. Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Изденүүчү диссертациялык изилдөөсүнүн натыйжасында чыгарган корутундусунун негиздүү болушу үчүн булак катары колдонулган талаа

материалдарын иреттеп, топтоштуруп, системага салган. Аларды жыйноодон баштап, талдоо жана илимий жактан жалпылоодо да ылайыктуу ыкмаларды колдонгон. Илимий изилдөөдө өздүк материалдар, бул багыттагы жарык көргөн илимий эмгектер пайдаланылган.

Алынган жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү изилдөө материалдарынын, булактардын негизинде автордун байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, талдоо, тарыхый-салыштырмалуулук ыкмаларын колдонуусу менен камсыздандырылган.

**4. Диссертациянын жаңылыгы жана анын тууралыгын баалоо менен практикалык маанилүүлүгүнө баа берүү**

Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын диссертациясынын илимий жыйынтыктары, корутундусу жана практикалык сунуштары диссертациялык иштин максаты жана милдеттеринен келип чыккан жоболорго ылайык келет. Диссертанттын жекече салымы катары илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралып жаткан маселе боюнча чогултулган материалдар талданып изилденгенин белгилейбиз.

Диссертациялык иш автордун өзүнүн этнографиялык талаа материалдарынын негизинде Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерин изилдөөгө багытталган алгачкы изилдөөлөрдүн бири болуп саналат. Этностун күнүмдүк жашоосундагы түрдүү ырым-жырымдар жана архаикалык ишенимдер менен жуурулушкан диний жөрөлгөлөр, ыйык деп эсептелинген зыярат кылынуучу жайлар, бакшылыктын трансформаланышы, эволюциясы тарыхый негизде изилденген. Иште Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын исламга чейинки ишенимдердин өзгөрүү жана өнүгүү жагдайлары алгачкылардан болуп ачылып көрсөтүлгөн. Архаикалык ишенимдердин өнүгүү мезгилиндеги, алардын соңку пайда болгон ислам дининин тийгизген таасири жана ага таандык болгон салттардын келип кирүүсү жана аны менен синкреттелиши ачылып көрсөтүлгөн. Тарыхый-этнографиялык, талаа материалдарынан сырткары фольклордун, массалык маалымат каражаттарынын маалыматтары, дин таануу, лингвистикалык булактар да кеңири пайдаланылды. Диссертацияда француз философу жана социологу Эмиль Дюргеймдин социалдык теориясы колдонулду.

Диссертациялык иштеги маалыматтар тарыхчы-этнографтарга, маданият таануучуларга, фольклорчуларга жана дин таануучуларга, илимдин башка тармактарынын өкүлдөрүнө пайдалуу болушу мүмкүн. Диссертациянын материалдары тандалма курстарды даярдоодо, кыргыз

этнографиясы боюнча жалпыланган окуу китептерин жазууда, материалдык эмес маданий мурастарды сактоо боюнча программаларды иштеп чыгууда , дин таануу боюнча билим берүү курстарында, ошондой эле Борбордук Азиядагы маданияттар аралык диалогду бекемдөө боюнча ишмердүүлүктө колдонулушу мүмкүн.

**5. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациялык иштин мазмуну боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талабына ылайык рецензияланган илимий басылмаларда 12 макала жарыяланган. Жарык көргөн макалалар диссертациянын мазмунун чагылдырат.

**6. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна туура келет. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талабына ылайык диссертациялык иштин кыска резюмеси кыргыз, орус, англис тилдеринде берилген.

**7. Диссертациянын мазмуну жана жасалгаланышы боюнча кемчиликтери.**

Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын “АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНЕ ЧЕЙИНКИ ИШЕНҮҮЛӨРҮНҮН ЖАШАП КЕЛИШИ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА ) аттуу 07.00.07. - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши жогоруда белгиленген оң жактары менен катар айрым бир кемчиликтерге ээ болгондугун белгилеп, изденүүчүгө төмөндөгүдөй сын пикирлер жана сунуштар берилди:

1. Диссертацияда изилдөөнүн объектиси, предмети такталып, кошумчаланып берилиши зарыл.
2. Иштин методологиялык жана ыкмалык бөлүгүндө маалыматтардын объективдүүлүгү каандайча камсыздалгандыгы тууралуу айтып кетүү зарыл деп эсептейбиз.
3. Кээ бир диний ырым-жырым жөрөлгөлөрдүн трансформацияланышына кандай ички жана тышкы шарттар таасир эткени диссертацияда ачыкталып берилсе, иштин мазмуну мындан да байымак.

4. Изилдөө темасы Ферганaнын түштүгүндөгү кыргыздарга территориялык жактан байланган. Кайсы көрүнүштөр, ырым-жырым, жөрөлгөлөр дал ушул топко мүнөздүү, бул нерселер кыргыздар үчүн жалпы болушу мүмкүн, андан да кененирээк алсак, түрк элдерине мүнөздүү экендигине да диссертацияда көңүл бурулушу кажет.
5. Диссертациянын мазмунундагы талдоого караганда баяндоолор көбүрөөк болуп калган жерлерди карап чыгуу жана топтолгон маалыматтарды интерпретациялоо, башка изилдөөлөр менен салыштырууларды көбөйтүү зарыл.
6. Текстте стилистикалык жана мааниси боюнча кайталоолор, түшүнүксүз сөз айкаштары кездешет, аларды редакциялоо менен диссертациянын илимий стилин жакшыртууну сунуштайбыз.

**8. КР ПК УАКтын диссертацияларга койгон талабына жооп бериши.**

Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын "АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНЕ ЧЕЙИНКИ ИШЕНҮҮЛӨРҮНҮН ЖАШАП КЕЛИШИ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА ) аттуу 07.00.07. - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши кыргыз этнология илиминдеги өз алдынча жазылган, жыйынтыкталган илимий эмгек болуп саналат.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана этнология» кафедрасы Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын "АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНЕ ЧЕЙИНКИ ИШЕНҮҮЛӨРҮНҮН ЖАШАП КЕЛИШИ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА) аттуу диссертациясынын мазмуну, түзүмү, илимий деңгээли Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет, ал эми анын автору Сапиева Нурия Эрмекбаевна 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду-пикир И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана этнология» кафедрасынын 2025-жылдын 19-майында өткөн атайын отурумунда талкууланган (протокол № 11).

**Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси**:

1. Алыкулова Г.К – т.и.к., доценттин м.а., кафедра башчысы, адистиги 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы ;
2. Жоошбекова А.Р. – т.и.д., профессор, адистиги 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология;
3. Курбанова Н.У. – т.и.д., профессор; адистиги 07.00.02.– Ата Мекен тарыхы
4. Каана Айдаркул – т.и.д., профессор; адистиги 07.00.02.– Ата Мекен тарыхы
5. Алымкулова С.К. – т.и.д., проф.м.а адистиги 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология;
6. Самиева Ж.Д. – т.и.к., доцент адистиги 07.00.02.– Ата Мекен тарыхы;
7. Кожомуратова Б.Ж. – т.и.к., доцент адистиги 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология;
8. Айтымбет кызы Айгүл – т.и.к., доценттин м.а., адистиги 07.00.02.– Ата Мекен тарыхы;
9. Амантур уулу Чынгыз – ага окутуучу;
10. Элеманова Р.Т. – окутуучу;
11. Шадибекова К. – лаборант.

**И. Арабаев атындагы КМУнун**
**«Кыргызстандын тарыхы жана**
**этнология» кафедрасынын башчысы,**
**т.и.к., доценттин м.а.** **Алыкулова Г.К.**

19.05.2025

**Катчы:** **Шадибекова К.**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ